*УДК 821.512.154*

***Асанова Н. Т.,***
*И.Раззаков ат. КМТУнун окутуучусу,*
*e-mail: asanova.nurzat@list.ru*

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ПАРОДИСТЕРИ

***Аннотация:*** *Макалада эгемендүү Кыргызстандагы саясий-экономикалык кризистин пародисттер тарабынан абдан күчтүү эмоциялык чыңалууга жеткен оппозициялык маанайда, саясий публицистикалык жанрда чагылдырылып жатышы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *публицистикалык маанай, публицистикалык поэзия, кайдыгерлик, эпиграмма, базар шарты, турмуштун актуалдуу проблеммалары, сөз эркиндиги.*

***Аннотация:*** *В статье рассматривается социально-экономический кризис в независимом Кыргызстане, освещаемый пародистами в политико-публицистическом жанре и оппозиционном ключе, достигающем очень сильного эмоцияльного напряжения.*

***Ключевые слова:*** *публицистическое настроение, публистическая поэзия, равнодушие, эпиграмма, рыночные условия, актуальные проблемы жизни, свобода слова.*

***Annotation:*** *The article reviews the socio-economic crisis in the independent Kyrgyzstan, covered by the parodists in the politico-journalistic genre and opposition manner reaching very strong emotional tension.*

***Key words:*** *publicistic mood, publicistic poetry, indifference, epigram, market conditions, life issues of current importance, freedom of speech.*

Адам жан дүйнөсүнүн түрдүү абалын азыркы опуртал мезгилдин фонунда туюндурууда чоң жеңишке жеткен акындардын бири Ш.Дүйшеев болду. Ш.Дүйшеевдин чыгармачылыгы адегенде лирикалык ырлар аркылуу жандана баштаганы менен кайра куруу жылдары маалында эң алгачкы ырлар жыйнагы «Аптап» 1985-жылы публицистикалык жанрда жарык көргөн. Бул жыйнакты утурлай 1992-жылы жарык көргөн «Кайдыгерлик» аттуу публицистикалык маанайдагы ырлар жыйнагы анын бүткүл чыгармачылыгынын программасы катары кабылданат. Анын саясий-публицистикалык маанайдагы ырлары улам барган сайын чыйралып, күч кубаты артып, уккан, окуган адамдын сезимине бүлүк салып, бүгүнкүң, эртеңкиң, келечегиң тууралуу түйшөлүүгө түртөт, чыңалган эмоция менен түшүндүрүүгө жан үрөйт.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн өзөгүн пародиялуу ырлар түзгөндүктөн, максатка ылайык Ш.Дүйшеевдин саптарынан пародисттик маанайдагы ырларын бөлүп кароого өтсөк. Ш.Дүйшеев жалаң эле курч сындап, ачык чабуулга өткөн саясий сатиралуу ырлардын чебери болбостон, назик лиризмге чулганган ырларды жазган: Биз акындын андай ырларын тек кое туруп, анын сатиралуу, пародиялуу маанайдагы ырларына басым жасамакчыбыз. Бир эсе юморлуу шаңда көсөм калемдештерин өктөм «чымчып» өткөн «Мурун тууралуу пародия» аттуу пародиялык түрмөктөрү маани-мазмуну жагынан орчундуу маселе көтөрбөсө да, ыр куруу техникасы, образдуу сөз айкаштары менен шөкөттөлүп, окуганга кызыктырган касиетке ээ. «Мурундар тууралуу пародия» аттуу алты калемгерге арналган пародиялар кыргыз адабий пародиясында С.Жигитовдун «Дарбыздан дарбыган сөз» Ж.Абдылдаевдин «Мончодогу монолог» аттуу пародиялар циклине курулуш техникасы, манерасы жагынан окшошуп, бир чети орус классиги аталган Н.В.Гоголдун мурун тууралуу ырлардын жайнап кетишин сындап «Мурун» (Нос) аттуу пародиялуу аңгемесин эске салып турат. Пародист Ш.Дүйшеев С.Жигитовго «Шуулдаба мурундар» аттуу пародиясын арнайт. С.Жигитовдун сегиз жылдык маңдай теринин «жемиши» «Шуулдаба, терегим» аттуу элегиясынан интерпретациялап: «Шуулдаба, мурундар, мурундарым, Шукшут кылып бүттү го бырылдагың», деп көңүлүңдү көтөрө баштайт:

«...Кайда барба кодопыш коен мурун,
Кодопыштын көрбөдүм оендугун.
Орустарды карачы, Орто Азия,
Орустарды карачы, Гоголь мурун!
...Армияңды карачы, айланайын,
Аялга окшош кармасаң манжаларын.
...Калам алып канча жыл какшап келем,
Кан тазартыш керек деп, кан тазартыш», - деген

саптар менен С.Жигитовдун жеке стилинде «кыргыз кемчилигине» арданып, какшыктуу кайманалап да, ачык да жерине жеткире сындап өтчү өткүр личностун таамай чагылдырып, эстетикалык сезимиңди дүргүтө күлкүгө бөлөй алган.

Кийинки саптарда Ш.Дүйшеев өзү тууралуу эки куплет ыр шилтеп жиберет. Бул саптар абдан эркин, бир дем менен жаралган самопародия:

Айылга бара калсам жайда качып,
айнектей жеңелерим «кайдалашып».
балекет-мээнетимди алып иет,
барбайган мурунумдан кармалашып».

Эл ичинде айтыла келчү эр жигитке казандан агыраак, маймылдан сулуурак келбет жетиштүү, башкысы акыл менен адамгерчилик деген аллюзия-ишара (намек) сыйдырылган. Аягында токпейил тартып:

Кор кылбай мурдубузду өтсөк болду,
конкурска катышпаса катышпасын» [1. 56-б.] - деп

жыйынтыктайт.

Табиятынан куйкум сөзгө, юморлуу сезимге ээ Ш.Дүйшеев замандаш, каламдаштарынын сырткы облигин, жүрүм-турумун мурунга байланыштырып күлкүлүү кылып сүрөттөй алган. Акындын ушул чыгармасы аркылуу эле анын сөз менен иштөө маданиятын баамдасак болот.

Элет жеринде жашап, педагогдук кесипти аркалап, ошону менен бирге чыгармачылык менен шугулданып ырлар, сатиралар, пародиялар жыйнагын окурмандарга тартуулап келаткан дагы бир кыргыздын куйкум тилдүү акыны Өзүбек Абдыкалыков орун-очогун өзү чоңойгон эшик-төрүнөн улап, айылдык мектепте мугалим болуп иштеп, карылыкка бой урган ата-энеге дем болуп айылда жашап калышынан улам анын чыгармачылыгы бардык жыргал-түйшүгү жуурулушкан кыргыздын элет турмушун камтыйт. Акын (Кочкор району, Дөң-Алыш айылы) элет тургундарынын кулк-мүнөзү, жүрүм-турумун чагылдырган ырлары менен катар ааламдашуу арааны жүрүп жаткан базар шартындагы «ит жыгылыш» кыргыз турмушун күйгүлтүктүү саптар менен курч сындаган сатираларын, пародияларын жазды. Анын пародиялары кайсы бир акындын ырынан цитата алуу менен башталганы менен, жыйынтыгында көздөгөн максат ал акындын ыр сабындагы «бышпай калган» ойду таап, күлкү чакырчу сынга алып, аны туура жолго багыттоо болбостон, цитатага алынган саптагы ойду бүгүнкү «эгемен» турмуштун актуалдуу проблеммаларына эркин «кыйыштырат». Анын пародияларынан бүгүнкү кыргыз коомунун жандуу элеси, мекендештердин жан дүйнөсүнүн, психологиясынын кыймылы көрүнүп турат. Мисалы:

«Кыргыз элим, кыйбас элим, жан элим,
Тоо жүрөктүү, тоо суусундай шар элим.
Ырчылары ырдан нөшөр жараткан,
Санаасында сансыз малдуу бай элим.
Б.Сарногоев «Дарегим-данегим».
Урру бөлгүч, түндүк, түштүк маш элим,
Кылым чанып, кайра туулган жаңы элим.
Асанкайгы өзүнө, өзгөлөргө шар элим,
…Жеп-ичкенге, уурдаганга үйрөттүң,
Кандай болот бизден чыккан данегиң?»

Жедеп жумушсуздуктун айынан ичкиликке берилип кеткен бир үй-бүлөнүн кожоюну тууралуу пародияга кайрылсак:

Оозуң оозбу, уюгубу уруштун,
Кезек-кезек келип турат урушкуң.
*Б.Сарногоев «Аялына күйөөсү»*

Пародияда:

**«Күйөөсүнө аялы»**

Оозуң оозбу идишиби арактын,
Ичип күндө үй-бүлөңдү жадаттың.
…Же акча жок, же каптаарга чыт да жок,
Жууркан-төшөк кусундуга чыкталды.
…Балдарыңдын байпагы жок карачы,
Шымы жыртык, минтип турат алаасы»
…Башың сенин өзүң ичип түгөткөн,
Баркы кеткен бөтөлкөдөй көңдөйсүң» [2. 271-б.] -деген

абдан орундуу табылган салыштыруу ачуу күлкү, аянычтуу юмор жаратып, ичкиликтин бир эле үй - бүлөгө эмес, бүтүндөй коомго тийгизген кейиштүү трагедиясын таамай чагылдырган. Пародист Ө.Абдыкалковдун ыр саптары абдан сабаттуу, чыйрак, аллитерация сакталып, «Күйгөндөн айтам бир сабак» деген подтекст пародиянын тулку боюн түзүп, чын жүрөгүнөн түйшөлгөн ойлордон турат. Ал ич күптүсүн, эч кимге айта албас каңырык түтөткөн кайгысын пародиядан чыгарып, күйдүргү юморго, өзүн өзү шылдыңдап, шылдыңчыл иронияга жеткирген.

Эгемендүү Кыргызстандын 90-жылдарындагы саясий-экономикалык кризис өзгөчө поэзияда абдан күчтүү эмоциялык чыңалууга жеткен оппозициялык маанайда чагылдырылып жатышын белгилеп келип: «Поэзияда көчөнүн, базардын тили менен сүйлөп калды, андан кыйынчылыктарга карата болгон азап жана эркиндик сезими сезилип турду. Ошентип И.Лайлиева туура белгилегендей постмодернисттик агым башталды», [3.473-б.] деп адабиятчы, коомдук ишмер Ибраимов О. туура белгилегендей, ошол постмодернисттик агымда жазылган поэзияга багытталган пародия да көчөнүн, базардын тилин өздөштүрө баштады. Маселен, «шал замандын» түрдүү көрүнүштөрүн сындап, какшыктап, келекелеп жазган саптары менен сатиранын бийик белин багынтып келе жаткан Саяковский лакап ысым алып жүргөн Кадырбек Керимбаевдин «Чыр дептер 2» аттуу сатиралык ырлар жыйнагынан мындай пародияга күбө болобуз:

**«Акысы бар»**

Чырмалышкан ар иштин чатышы бар,
Чындыктын да чыгышы, батышы бар.
Чытырмандын эң зору пил эле эмес,
Чымындын да жашоого акысы бар».
*Шайлообек Дүйшеев*

Пародияда:

…Адамдын да мүйүздүү токолу бар,
Анан калса **«бараны»**, **«казелу»** бар.
Элиң да «эски кыргыз», «жаңы кыргыз»,
Эскисинин эскирген чокою бар. [4. 45-б.]

К.Кадырбаевдин «Чыр дептер 2» жыйнагында пародиялардын саны онго жетет, дээрлик көбүндө ачык, айкындык доордун илебинен улам эротизмди камтыган темалар басымдуу. Азыркы кыргыз коомчулугун түзүп турган жетекчи, уюмдар, тармактар, эл тууралуу сатиралык ырлары учурдун талабына шайкеш келип кызыктуу, ой чабыты заманбап түшүнүктөргө имитацияланып өтө курч, көрсөтмөлүү жазылган. Тапкычтык менен алынган темаларын эле карап көрсөк: Сатиралык аптека, Депутаттарга «демидрол», Укук коргоочуга

«уротропин», Док ургандарга «допинг», Министрлерге «минавазин», «Геморройлуу» гезиттер, «Чиновниктерге» кашык ирээтиндеги «Сунуштар» ж.б.д.у.с. Ошентип учурдун, мезгилдин курч маселелери таамай талданып, аныкталып, сатиранын тилинде публицистикалык көркөм философиялык өзгөчө ыкмада жазылышына ачык айтуунун, демократиянын шарапаты тийди.

Натыйжада, идеологиялык басым-кысымга кылчактап, ар сөзүнө абай салып сактанган, коммунисттердин цензурасынан бошонгон акын-пародисттер жаңы коомдук формациядагы болуп жаткан окуяларга батыл аралашып, өзүлөрүнүн тынчын алган көрүнүштөргө карата ой-пикирлерин, позицияларын ээн-эркин чагылдырууга мүмкүнчүлүк алышты. Ошондой болсо да, пародия жанрынын баардык талаптарын сактаган, жогорку көркөм деңгээлде жазылган пародиялар аз болуп жатканы баамга урунат. Сөз эркиндиги, «плюрализм мнений» деген түшүнүктөрдү ашыкча пайдаланышып, өтө эле «ээн оздукка» алдырып жиберген учурлар да жок эмес экен.

***Адабияттар***

*1. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр 2, -Б., 2001, 56-бет*

*2. Абдыкалыков Ө. Турмуш кайрыктары -Б.: «Турар», 2014. 271-бет*

*3. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века, -Б., 2014, стр. 473,*

*4. Керимбаев К. Чыр дептер 2, -Б.: Бийиктик, 2012, 45-бет.*